УДК: 37.013

Карасартова Ж.Б., Наматова Э.И.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

**Балдарды тарбиялоодо Ч.Айтматовдун чыгармаларынын өзгөчөлүктөрү**

*Бул макалада балдарды тарбиялоодо Ч.Айтматовдун чыгармаларынын өзгөчөлүктөрү чагылдырылган.*

***Негизги сөздөр**: тарбиялоо, үй-бүлө, маданият, тил, педагогика, улут, жүрүм-турум.*

*В статье рассмотрены особенности воспитания детей в произведениях Ч. Айтматова.*

***Ключевые слова**: воспитание, семья, культура, речь, педагогика, нация, поведение.*

*The article considered the peculiarities of upbringing of children in Chyngyz Aitmatov's work.*

***Key words**: education, (up-bringing), family, culture, speech, pedagogy, nation, behavior.*

Педагогика илиминин маанилүү категориясынын бири болуп тарбия эсептелет. Бул категория балдардын өүп-өнүгүүсүнө терең таасир этүүчү максатка ылайык уюштурулган процесс болуп саналат. Балдарды тарбиялоодо коомдук мамилелерге социалдаштырып, социалдык турмушту, жүрүш-туруш эрежелерин, инсан аралык мамилелерди, коомдук баалуулуктарды калыптандырууда алп залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын тийгизген таасири чоң.

Тарбия–социалдык жашоо турмуш шартына ылайык баалуу иш-тажрыйбаларды жана жүрүш-туруш эрежелерин калыптандыруу болуп эсептелет [3].

Балдарды Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мисалында тарбиялоо–негизги каражат десек, жаңылышпайбыз.

В.Г.Белинский белгилегендей, «Балдар китептери тарбиялоо үчүн жазылат, ал эми тарбиялоо–улуу иш, аны менен адамдардын тагдыры чечилет» - деп айтылат. Балдарды тарбиялоодо Ч.Айтматовдун чыгармалары аларды таанып-билүүгө негиз болгон эң алгачкы баалуулуктардын, ошону менен катар чыгармадагы көркөм сөз үлгүлөрдүн мааниси да мааниси чоң десек болот.

Бирок балдар адабияты болочок мугалимдерден таанып-билүүнүн өзгөчө татаал сферасы катары окутуучудан универсалдуу билим менен тажрыйбаны талап этээри анык. Баарынан татаал көркөм сөз өнөрүнүн жанрдык тегин, көркөм ылазатын аныктоодон тышкары да, аларды балдардын ар кайсы курак баскычына ылайык дифференциялап, аларга жеткиликтүү, таасирдүү тарбиялык жана таанытКыч сапаттарын ачып берүүдө жана студенттерди балдар адабияты бир эле мезгилде этномаданиятты таанууда педагогикалык билимдердин кенчи экендигине ынандырууда турат.

Мына ошондуктан, проблемага практика тарбиячы, педагог, психолог, анан адабиятчы катары киришип, аны кесип таламдуу өңүттө окутуудан турат. Аталган сабактын программасында мындай максатты жүзөгө ашырууга өбөлгө болуучу бирден бир материал болуп Ч. Айтматовдун чыгармалары саналат.

Муну айрым мисалдар аркылуу бекемдөөгө аракет кылсак болот. Алсак, кыргыз элинин үй-бүлөсүн салттарын балдарга тааныштыруу темасы азыркы балдар адабиятында да өзгөчө көңүл бурууга арзый турган маселелерден болуп саналат. Бул ойду улантуудан мындай элдик тарбиячылардын типтүү образынын бири катары жазуучунун айтылуу «Ак кеме» повестиндеги Момундун ишмердүүлүгүнө токтолобуз. Повестте айлана-чөйрөсүндөгү адамдардын жосунсуз жоруктарына келишкис мамиле жасап, акыйкаттын символу болгон «Ак кемени» издеп кейиштүү тагдырга туш болгон бала кадимки эле кыргыз карыясы Момундан тарбия алат. Момундун педагогикасы эмнелерге негизделет? Албетте, ата-бабалардын тээ Энесай доорунан бери кастарлап алып келе жаткан элдик педагогикасына. Ал аны кайдан таап, кимден алат? Албетте, улуу муундардан. Момун

кыргыз салтына ылайык баланын таанып билүүсүнө ар дайым таасир этип туруучу элдик педагог, элдик ботаник, биолог, орнитолог, кыскасы, өзүнчө эле бир этнолог сыяктуу аракеттерди кылат. Нускалуу карыя Момундун азыркыдай расмий таалим-тарбия программасы болбосо да баланы эл ичинде калыптанган баалуулуктар менен адеп салттарга үйрөтүүгө багытталган сабагы болгон. Табигый таалимчи Момундун сабактарынын мазмунун биринчи булагы балага айтып берген «Бугу эне», «Энесай», «Баатыр Көлчөнүн сөөгүн узатуу», «Баскынчылар менен Ысык-Көлдүн шамалы» сыяктуу ар бири дастанга барабар миф-жомоктор түзүлгөн. Булардын мазмунунда табият менен адам турмушунун өз ара биримдиги, табият алдындагы адамдын жоопкерчилиги, ата-бабалардын арбагын, руханий кенч-казыналарын урматтоо сыйлоо, сактоо жөнүндө орошон осуяттар камтылган [2].

Ошондуктан аталган жомоктор өз алдынча китеп болуп басылып чыгып дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринин программаларынан орун алып тарбиялык функциясын аткарып келе жатат.

Повесттин текстинде Момундун педагогикалык программасы ачык чагылдырылган [2]. Анын мазмунун калк ичинде калыптанган төмөнкүдөй адептик кодекстерди түзгөн:

1. Жаңы көчүп келгендерди өрүлүктөп баруу. Өрүлүктөө балдарды тарбиялоодогу өзгөчө салт болуп, дал ошол салт менен адамдардын өз ара адамкерчилик мамилелери калыптанган.

2. Конокко барганда баары менен кол алышып учурашуу керек, бала да ошентиш керек.

3. Таятасынын айтуусунда, кичүү адам биринчи кол берет, озунуп кол бергенди сенек дешет.

4. Жетөөнүн бири кыдыр. Бул түшүнүк адамдардын баарын тегиз сыйлоого үйрөтөт.

5. Жаңы конушка көчүп келгендерге учурашканы барганда таятасы: «Ата-бабанын ээлеп келген конушу силерге кут болсун, өрушүңөр кенен болсун! Мал-жаныңар аман эсенби?» - деп учурашат. Бул учурашууну баланын көзүнчө айтат…..

Ошентип, чыгармадагы айрым образдардын сүрөттөлүшү ата-энелер турмушун, алардын тарбия тажрыйбаларын таанууга өбөлгө болгон, ошондой эле мугалимдер үчүн ата-энелер жана балдар менен иштөө процессинде таасирдүү тарбиялык каражат катары пайдалануу чыгармалардын бүтүндөй сериясы орун алган. Ушундан улам, биздин тажрыйбада бул чыгарма боюнча окуу программасы студенттердин ата-энелер менен иштөө боюнча келечектеги ишмердүүлүгүн эске алуу менен бир топ өркүндөтүлдү. Тактап айтканда, чыгармада үй-бүлө тарбиясы тууралуу материалды окууда үйрөнүүдө алардын таанымдык жана азыркы тарбиялык маанисин ачып берүүгө басым жасалды.

«Үй-бүлөлүк тарбия деп улуу муундар тарабынан үй-бүлөнүн жаш мүчөлөрүнө: кичине бала, өспүрүм жана жаштарды коомго пайдалуу, ар тараптан өнүккөн, адеп-ахлак жактан жетилген инсан катары калыптандыруу максатында жүргүзүлгөн аракеттерин түшүнсөк болот»[4].

Үй-бүлөлүк тарбиянын негизги максаты болуп баланы келечекте ата-энесинин оюндагыдай, коомго пайдалуу жана инсандык жактан ар тараптан өнүккөн адам катары тарбиялоо жана турмушка даярдоо эсептелет. Бардык мамлекеттердин үй-бүлөлүк саясатынын максаты - коомдун негизги туткасы катары үй-бүлөлөрдүн ролун жогорулатууга негиз түзүү, үй-бүлөлөрдүн балдарды тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталат. Демек, үй-бүлөдө ата-энелердин тарбия берүү функциялары мыйзам актыларда да таасын бекемделген, ырасында эле, байыртадан баарына маалим акыйкат баланын төрөлүшү эмес, инсан катары адамдар чөйрөсүндө гана калаптанат. Наристенин адам катары өсүп-өнүгүп, анан барып субьект, өзүнүн өнүгүшүнүн, башкача

айтканда, инсан болуп калыптанышында ата-энеге жана үй-бүлөнүн өзгөчөлүгүнө чечүүчү роль таандык. Мындай ой-тыянактар, өзгөчө, элдик педагогикалык мурастарда туруктуу мыйзым ченемдүүлүк катары катталып калган. Кыргыз коомчулугунда үй-бүлө, Мекен, улут, дин жана ыйык баалулуктардын арасында орун алып келет.

Бул өзгөчөлүктөр семинардык сабактарда студенттерде чыгармалардын педагогикалык маңызын таануу ага карата өз баасын берүү жана аларды ата-энелер менен иштөө үчүн иргеп, тандап алуу билгичтиги өнүктүрүлдү.

Ошондой эле кыргыз элинин балдарга болгон өзгөчө мээрими, сүйүүсү Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында боордош башка улуттун балдарына карата маанисинен да көрүнгөн [1].

Бул жөнүндө согуш жылдары балалыгы көптөр кыргыздар ичинде өткөн Е.Р.Роберт Ч.Айтматовго жазган катында «Урматтуу Чыңгыз Төрөкулович! Мен улгайган аял катары сизден ажайып талантыңызга чын дилден таазим этем жана ыраазычылык билдирем. Мени Сиздин кыргыз экендигиниз өтө кубандырат. Согуш учурунда биз кароосуз калган кичинекей балдар менен бирге Ленинграддан Кыргызстанга, Сиз суктана жазган Ысык-Көлгө көчүрүлгөн элек. Мен ал жерде «Пионер» колхозунда иштегенмин. Кыргыздар арык-ачка, оору-сыркоо биздей балдарды мээримдүү кабыл алып, акысына эч нерсе доолабай эле кийиндирип-ичиндиришкен. Бул үчүн мен аларга өмүр бою ыраазымын. Мен аларды чынчылдыгы, адамкерчилик, боордоштук сезимдери үчүн терең урматтайм. Аларда кароосуз калган балдар жана карыялар деген болбойт. Мына ушундай элдин уулу болуу кандай сыймык. Ошондой эле, Сиздей таланттуу уулу бар эл да чексиз таалайлуу»,- деп жазган.

Бул элдин бала затына карата гуманисттик педагогикалык салттарынан кабар берет. Анткени дүйнө элдеринин гумандуулугунун көрсөткүчтөрүнүн бири дал ушул бала затына карата маселе саналат.

Ошондуктан наристенин адам катары өсүп-өнүгүп, анан барып субьект, өзүнүн өнүгүүшүнүн кожоюну, башкача айтканда, инсан болуп калыптанышында ата-энеге жана үй-бүлө мүчөлөрүнө чечүүчү роль таандык. Мындай ой-тыянактар, өзгөчө, элдик педагогикалык мурастарда айнығыс туруктуу мыйзам ченемдүүлүк катары катталып калган. Кыргыз коомчулугунда үй-бүлө менен улут дин жана маданият түшүнүктөрү менен бирдей даражада жогору бааланып, эң улуу жана ыйык баалуулуктардын арасында орун алып келет. Кыргыз маданиятында үй-бүлө кандай бааланса, бала да ошончолук маанилүү.

Демек, бүгүнкү күндө Кыргызстанда жашап жаткан ар бир үй-бүлөдө инсандык ыйык парзы улуттук тилди, улуттук маданиятты, элибиздин көөнөргүс салт-санаасын жайылтуу болуп саналат. Бул багытта белгилүү жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун тилге, динге, улуттук каада-салтка, маданиятка чоң маани берип жазган улуу чыгармаларын белгилесек болот. Ч. Айтматовдун мамлекеттик тилибизди өнүктүрүүгө кошкон салымы ар бир кыргыз жаранынын патриоттук рухун жогору көтөрүп, ошондой эле балдарды тарбиялоодо чоң жол ачкан. Анткени ар бир бала ак дилден тилге, динге, маданиятка туура мамиле жасай билсе, өлкөнүн өнүгүүсүнө өз салымдарын кошот эле. Айтматовдун бийиктигин даңазалоо, анын чыгармаларында орун алган турмуштук фактыларды талдай билүү, анын каармандарынын тазалыгын жана терс образдардын ак менен каранын айырмачылыктарын аңдоо, ошондой эле, аламдашуу адамдардын диндер аралык конфликттерди чечүү жана көз караштары, улуттар ортосундагы достук жана биримдик сыяктуу чоң маселелерди таанууда алады өзүбүздүн турмушта колдонуу баарыбызга чоң сабак бере алат. Жазуучунун чыгармасында балдарды тарбиялоо андагы улуттук идеологияларда таамай айтылган, мисалы: «Канткенде адам улуу адам болот», «Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу»,

«Тили, дини, маданияты, улуттук салт-санаасы жок улут − келечеги жок улут» жана башкалар.

Бүгүнкү күндүн мезгил талабы нукура улуттук маданиятка сугарылган балдарды тарбиялоо болуп саналат. Мындай баалуулуктар адам баласынын табиятына көз каранды болгондуктан, балдардын табиятын калыптандыруу─тарбиянын башаты. Ал эми тарбиянын башаты үлгүлүү үй-бүлөдөн башталат.

Үй-бүлө − ар кандай коомдун негизги институту, туруктуулук менен өнүгүүнүн фактору. Үй-бүлө бар үчүн мамлекет бекемделет. И.Я.Соловьёвдин пикири боюнча: «Үй-бүлө − коомдун социалдык тайпасы, инсандын турмушун уюштуруучу негизги формасы, журттук союштар жана туугандык байланыштар» - деп мүнөздөлөт [3].

Тарбияны туура жүргүзүү ар бир ата-эненин ыйык милдети болгондуктан, келечектеги балдарды тарбиялоодо Ч.Айтматовдун чыгармасындагы идеалогияларды өнүктүрүп калыптандыруу бирден бир актуалдуу маселе бойдон кала берет.

**Адабияттар:**

1. Алимбеков А.А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1 бөлүм. - Бишкек, 1997.
2. Алимбеков А.А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. - Бишкек, 2001.
3. Апыш Б. Тарбия назарияты. - Ош, 1996.
4. Асипова А.А. Социалдык тарбия. - Бишкек, 2004.